*ОшМУнун 50 жылдыгына карата*

# ОБОНЧУЛАР УЯСЫ

Ар бир окуу жайы өзүнүн билим-тарбия алган бүтүрүүчүлөрү менен сыймыктанат. Ош МУ өзүнөн чыккан илимпоздор, коомдук жана саясый ишмерлер, таланттуу жетекчилер менен гана сыймыктанбастан кыргыз музыка маданиятынын өсүшүнө салым кошуп келе жаткан орошон обончулары менен да өзгөчө сыймыктанат. Ош МУну бүтүргөн обончулардын көпчүлүгү музыка факультетин бүтүрүшкөн.

Бүгүнкү күндө Ош Мамлекеттик университетиндеги 16 факультеттин бири — көркөм өнөр (искусство) факультети.

Жогорку квалификациялуу музыкант мугалимдерди даярдоо максатында Ош педагогикалык институтунун базасында 1959-жылы музыкалык педагогикалык факультет уюштурулган.

1993-жылы «Музыкалык билим берүү» жана «Көркөм сүрөт өнөрү» адистиктери бириктирилип искусство факультети болуп кайра түзүлгөн. Азыркы күндө факультетте 58 окутуучу студенттерге музыкалык жана сүрөт өнөрү боюнча сабак берүүдө. Алардын арасынан Ф. Баяков Республикабыздын эмгек сиңирген артисти, М. Оморкулов — Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер — А. Калыков — Саха (Якутия) Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, М. Жутанова, Б. Иметов, М. Абдугулов — педагогика илиминин кандидаттары, доценттер, 10 доценттин милдетин аткаруучулар, 25 ага окутуучу, 15 Эл агартуунун мыктысы бар.

Факультетте 23300дөн ашуун китеби бар китепкана, окуу тан аябай колдоо көрсөткөн.

Сулайман Жумагулов Ош пединститутунда ректор болуп турган кезде илимпоздордун өсүшүнө аябай көңүл бурган. Ал ректор учурунда ОМПИнин көптөгөн окутуучулары кандидаттык диссертацияларын коргошуп, илимий даражаларга ээ болушкандыгы жана окуу жай жаңы бийиктикке көтөрүлгөндүгү сыймыктануу, урмат too менен аңыз болуп айтылып жүрөт. С. Жумагулов эң биринчи жолу музыка факультетинде иштеген окутуучуларды тынымсыз Москва, Ленинград, Киев шаарларына жөнөтүп, окутуучулардын педагогдук квалификациясын жогорулашына мүмкүндүк түзгөн.

Азыркы кездеги ОшМУнун ректору, академик, элдин эл депутаты Бектемир Мурзубраимов искусство факультетине моралдык гана колдоо көрсөтпөстөн, факультеттин материалдык-техникалык базасын чыңдоого, окутуучулар курамын билимдүү жана тажрыйбалуу адистер менен толуктоого, окутуучулардын айлык акысын көтөрүү менен бирге көндүм болгон терс адаттардан арылтууга жана ишти жаңы нукка салуунун үстүндө иш жүргүзүүдө. Унутта калган факультеттеги элдик театр кайрадан уюштурулду. Өкмөттүн колун карагaн профессионал театрлар каражат жоктугунан оюн көрсөтө албай турган учурда университеттин элдик театрынын оюн көрсөтүп жаткандыгы оюн көргөзүүгө зарыл болгон каражаттын ректор тарабынан бөлүнүп берилиши менен байланыштуу. Искусство факультетине ... мордонгон чебер архитектуралык көрүнүштөгү 200 орундуу

сынактардан сырткары Европа өлкөлөрүндө өткөн фестивалдарда да жеңүүчүлөрдөн болууга жетишкен. Алсак 1975-жылы факультеттин академиялык хор коллективи Таллин шаарында өткөн Эл аралык фестивалда биринчи орунду жеңип алып алтын медалга татыктуу болушкан. 1977-жылы Болгариянын Варна шаарында өткөн Эл аралык хор коллективдеринин фестивалында экинчи орунду камсыз кылышып күмүш медаль менен сыйланышкан.

Көп жылдар бою факультеттин үйлөмө аспаптар, фольклордук-этнографиялык оркестрлери, комузчулар ансамбли жана студенттер жамааты республикада өткөрүлүүчү конкурстардын жана «Ала-Тоо жазы» фестивалынын туруктуу катышуучулары жана жеңүүчүлөрү болушкан.

Музыкалык факультет түзүлгөндөн бери андан 50дөн ашуун мыкты обончулар (жана аткаруучулар) билим алып чыгышты. Алардын көпчүлүгү — кыргыз элине аттын кашкасындай таанымал болушкан чыгармачыл инсандар. Кыргыз музыка маданиятынын өсүшүнө көп көп зор салымы үчүн Рыспай Абдыкадыров, Жолоолду Алыбаев, Токон Эшпаев, Ибрагим Жунусов Исрадин Аманбаев сыяктуу бүтүрүүчүлөрүбүз «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти» деген жогорку наамга татыктуу болушса, А. Алымов, Б. Бадыкеев, К. Артыков, Б. Тургунбаев, К. Турсункулов, Т. Нурматов, Х. Азиреткулов, А. Машаев, А. Төребеков, К. Курмантаев, ж.б. эл сүйгөн обондорду жаратышып, эл ичине таанылган. Кыргыз музыкасынын тарыхында элибиздеги обончулук өнөрдүн өнүгүшүндө жана жаңы бийиктиктерге көтөрүлүшүндө кыргыз элинин залкар обончусу жана ырчысы Рыспай Абдыкадыровдун кошкон салымы чоң экендиги баарыбызга белгилүү.

Жолболду Алыбаев чыгармачылыгынын алгачкы этабында аккардеон менен ырдаган ырларында өз устаты Р. Абдыкадыровдун таасиринде калгандыгы

Факультетте 23300дөн ашуун китеби бар китепкана, окуу залы, музыкалык аспаптар кампасы, үйлөмө аспаптар, элдик этнографиялык аспаптар оркестрлери мугалимдер, студенттер үчүн кызмат кылууда. Факультет уюшулгандан бери 13 декан иштеген.

Азыркы күндө педагогика илиминин кандидаты, доцент Муса Абдутулов факультеттин деканы болуп иштеп жатат.

Окуу жайда чоң ийгиликтердин жаралышы жетекчинин — ректордун инсандык кудуретине, окуу жайдын материалдык-техникалык шартына, профессордук-окутуучулар курамынын сапатына жана таонятынан идиректүү, талант дарыган шык-жөндөмдүү жаштардын окуп калышы менен салмактуу болорун турмуш көрсөтүүдө.

Факультеттин материалдык-техникалык базасын, окутуучулар курамынын теориялык билимин, окутуунун методикалык-аткаруучулук педагогдук чеберчилигин сапаттык жактан жакшыртууда окуу жайды ар кайсы жылдарда жетектеген айрым ректорлордун да ролу чоң болгондугун факультеттин тажрыйбалуу педагогдору сыймыктануу менен эскеришет. Айрыкча ректорлор физика-математика илимдеринин доктору Ташмырза Айтмырзаев, философия илиминин кандидаты Сулайман Жумагулов, химия илиминин доктору, академик Бектемир Мурзуораимовдун факультет үчүн абдан жакшы иштерди жасашкандыктарын өзгөчө баса белгилеп жүрүшөт.

Ташмырза Айтмыразев ректор кезинде факультеттеги азыркы күндө да студенттерге билим берүүдө колдонулуп жаткан музыкалык аспаптар, пианинолор, аккардеондор, баяндар, гитаралар, үйлөмө аспаптар оркестринин инстументтери сатылып алынган. Т. Аймырзаев талантты колдоо жаатында да өз убагында үлгү болорлук иштерди жасап, таланттуу окутуучуларга, студенттерге моралдык жана материалдык жак [illegible] лык көрүнүштөгү 200 орундуу концерттик залды куруп берүүсү, билим берүүнү заманбап деңгээлде жүргүзүү максатында жаңы муундагы компьютерлери сатып берүүсү зарыл болгон концерттик кийимдерди (формаларды) тиктирип бериши факультеттин материалдык техникалык базасын чыңдоо менен анда окуп жаткан студенттердин терең билим алышына ыңгайлуу шарттарды түзүүдө. Кыргыз Улуттук консерваториясы менен ОшМУнун искусство факультетинин ортосунда чыгармачылык, окуу-методикалык жактан жана окутуучулардын аткаруучулук чеберчилигин арттыруу багытында жардам көрсөтүү жаатында келишимдик негизде тыгыз байланыш түзүлдү. ОшМУнун искусство факультетине консерваториянын концерттик бир роялды белекке бериши ошол байланыштын үзүрү катары кароого болот.

Факультетте Ж. Салахов, К. Жумабаев, Т. Жолдошов, И. Жолдошов, М. Жутанова, М. Арынбаев, Т. Бабашева Р. М. Филиппова, И. Короткова, И. Бакиров, Н. Карташов, Б. Абдувалиев ж.б. тажрыйбалуу чыгармачыл педагогдор болочок музыка мугалимдерине билим жана тарбия берип, табиятынан шык жөндөмдүү студенттердин обончулук чыгармачылыгынын жаралышына, өнүгүшүнө өбөлгө түзүшүүдө. Алардын ар биринин чыгармачылык жана педагогдук иши жөнүндө узак сөз кылууга болот.

Факультеттин комузчулар ансамблин түзүүдө С. Шабданов, Ф. Баяков зор салым кошуп, күч жумшашкан. С. Шабданов Республикабызда биринчи жолу ар улуттун кыздарынан турган «Достук» комузчулар ансамблин түзгөн. Ансамбль өздөрүнүн аткаруучулук чеберчилигинен «Ала Тоо жазы» фестивалынын бир нече жолку жеңүүчүлөрүнөн болушкан.

Өз тарыхында музыкалык факультет республикалык кароо[...]ларында өз устаты Р. Абдыкадыровдун таасиринде калгандыгы ачык байкалса, комуз менен дастандарды, элдик ырларды ырдап чыгып, чыгармачылыгын жаңы өңүттө көрсөтүп, элдин сүйүмөнчүктүү дастанчысына айланды.

Абдыкерим Алымов «Ордендүү Ош» аттуу обону менен эл ичине жарк деп таанылып, өзүнүн таланттуу обончу экендигин көрсөткөн. А. Алымов өзүнүн кыска жана кайгылуу өмүрүндө кыргыз музыкасынын обончулук өнөрүндө чоң из калтырды.

Кадыралы Артыков күн өткөн сайын, өзүнүн талант-жөндөмүн жаңы өңүттөн көрсөтүп келүүдө. Алгачкы жараткан «Кыялдануу» аттуу обонунда эле башка обончулардан өзгөчөлөнгөн, өз жүзү, өз стили бар таланттуу обончу экендигин көрсөтө алган болсо, акыркы кездерде өзүн чебер ырчы катары көрсөтүүдө. Композитор катары ар кайсы жанрда жааткан музыкалык чыгармалары да кубандырбай койбойт.

Камчыбек Турсункулов өз обондорунда жаңы кайрыктарды, табылгаларды кеңири колдонуп, кайталангыс обондорд. жаратты. Анын «Унута албайм» «Сахна, сахна» ж.б. обонору буга күбө.

Абдыманап Төрөбековдун «Кетесиңби, сулуу кыз?» «5Б класс», «Араавандык кыз» ж.б. обондору анын өз жүзүнө ээ болгон таланттуу обончу экендигин кабарлайт.

Тургуналы Нурматовдун «Кыргызымдын жигиттери» деген ыры кандай керемет ыр экендигин кимдер билбейт.

Азыркы күндө факультеттин студенттери: Саматбек Андабеков, Замирбек Мурзаев, Майрамбек Супатаев жараткан обондордун эл тарабынан жылуу кабыл алынышы, Р. Абдыкадыровдон башталган обончулук салттын уланып келе жаткандыгынын күбөсү.

**Маматали МУРЗАЕВ,**
**ОшМУнун ага окутуучусу.**